## Кредиттер

*(2013-жылдын 12 айы үчүн)*

2013-жылдын январь-декабрь айларында банктар сомдук боюнча сыяктуу эле, валюталык карыз алуулар боюнча пайыздык чендердин төмөндөөсүнүн алкагында, кредит портфелин өстүрүүнү уланткан. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн өзгөчөлүгүнүн бири айыл чарбага берилген кредиттердин көлөмүнүн, атап айтканда, тармакты мамлекеттик колдоо боюнча чараларды ишке ашыруунун натыйжасында мүмкүн болгон кыйла көбөйүшү жүргөн.

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




Ошону менен бирге эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн кыйла начарлашы байкалган. Алсак, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын үлүшүнүн өсүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 3,3 пайызды түзгөн, мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан бери сандык маанide 36,3 пайызга өскөн. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 0,6 пайыздык пунктка, 3,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Өтүп жаткан жылы “Айыл чарбаны каржылоо” мамлекеттик долбоорун жүзөгө ашыруу башталган, жазгы-талаа иштерин өз убагында өткөрүү жана айыл чарбасындагы мал чарбачылыкты жана кайра иштетүү секторун андан ары өнүктүрүү үчүн республиканын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү анын максатынан болуп саналат. Долбоордун шарты боюнча, Өкмөт коммерциялык банктарды жана адистештирилген финансы-кредит мекемелерин республикалык бюджеттин каражаттарынан жылына 10 пайыз чен боюнча жеңилдетилген кредиттерди жайгаштыруу үчүн субсидиялайт. Долбоор боюнча жалпы кредиттик карыз декабрдын акырына 3,1 млрд. сомду же банктык кредит портфелинин чогуу алгандагы көлөмүнүн 5,8 пайызын түзгөн.

2013-жылдын декабрдын акырына иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 34,5 пайызга көбөйүү менен 54,0 млрд. сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинин сомдук бөлүгү 25,0 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 34,9 пайызга көбөйгөн. Декабрь айынын акырына чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башына карата тиешелүү көрсөткүчүнөн 34,2 пайызга жогорулоо менен 28,9 млрд. сомдук эквивалентти түзгөн.

2013-жылдын январь-декабрь айларында банктардын улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,7 пайыздык пунктка, 21,4 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында чен 17,0 пайызды түзгөн (-0,6 пайыздык пункт).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, тармактар боюнча банктардын кредит портфели 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалу төмөндөгүчө бөлүштүрүлгөн. Кредит портфелинин көпчүлүк бөлүгүн ээлеген соодага берилген кредиттердин үлүшү 3,2 пайыздык пунктка (36,8 пайызга чейин) төмөндөгөн. Ошондой эле башка кредиттердин салыштырма салмактары 8,8 пайызга чейин (-1,5 пайыздык пункт) жана керектөө максаттарына 9,4 пайыздан 9,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Төмөндөө социалдык кызматтарга берилген кредиттерге да таасирин тийгизген, алардын үлүшү 1,4 пайызга чейин азайган. Байланышка берилген кредиттердин салыштырма салмагы 0,1 пайызга, 0,1 пайыздык пунктка чейин, транспортко – 0,2 пайыздык пунктка, 2,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошону менен бирге эле, айыл чарбага (2,2 пайыздык пунктка, 17,3 пайызга чейин), ипотекага (0,6 пайыздык пунктка, 10,3 пайызга чейин), өнөр жайга (2,4 пайыздык пунктка, 8,1 пайызга чейин) жана курулушка (0,3 пайыздык пунктка, 5,8 пайызга чейин) берилген кредиттердин үлүшү көбөйгөн. Жыл башынан бери даярдоо жана кайра иштетүүгө берилген кредиттердин үлүшү 0,2 пайызды түзүү менен өзгөргөн эмес.

Өз кезегинде, көпчүлүк банктардын портфелдери айрым тармактарда жогорку топтоштурулган. Алсак, тармактардагы банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөткөн индекс 0,41 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын көбүнчө эки тармактын ортосунда кредиттердин бөлүштүрүлүшүн көрсөтүп турат. Мындан тышкары, ар бир тармакта кредиттердин концентрацияланышы да жогору болгон: 11 тармактын ичинен 8 тармакта индекстин мааниси 0,18 түзгөн, бул тармакта бир аз сандагы банктардын катышуусу тууралуу айтып турат.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,09 деңгээлде сакталган, бул рыноктун 11 банктын ортосунда бөлүштүрүлүшүнө эквиваленттүү.

Банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө 1 айдан 3 айга чейин жана 3 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө берилген кредиттердин көлөмүнүн азайышы белгиленген. Ошентип, кыска мөөнөттүү кредиттердин (бир жылга чейин) чогуу алгандагы салыштырма салмагынын 22,8 пайыздан 17,0 пайызга чейин төмөндөгөндүгүнө, ошондой эле мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын үлүшү 3,2 пайыздан 3,3 пайызга чейин көбөйгөндүгүнө байланыштуу, узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 73,9 пайыздан 79,8 пайызга чейин жогорулаган. Кредит портфелинин убактылуу түзүмүн ушул сыяктуу корректировкалоо, өз кезегинде дюрация көрсөткүчүнүн 27,6 айдан 29,6 айга чейин өсүшүнө алып келген.

2013-жылдын январь-декабрь айларында жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 59,3 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле мезгил аралыгында берилген суммадан 55,8 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 56,4 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында – 55,4 пайызга көбөйгөн.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




2013-жылдын январь-декабрь айлары үчүн улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчкө салыштырмалуу 21,3 пайызды түзүү менен 1,7 пайыздык пунктка, чет өлкө валютасында - 1,4 пайыздык пунктка, 17,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



Соодага берилген кредиттердин көлөмү 48,5 пайызга көбөйгөн – бул тармак мурдагыдай эле, жаңыдан берилген кредиттердин түзүмүндө кыйла маанилүү болуп саналат (47,3 пайыз). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өнөр жайды кредиттөөнүн олуттуу көбөйүшү (2,5 эсе) белгиленген, ал эми ушул кредиттердин үлүшү 2,8 пайыздык пунктка, 7,5 пайызга чейин көбөйгөн. Айыл чарбага берилген кредиттердин көлөмү 2,0 эсеге өскөн, бул алардын үлүшүнүн 3,1 пайыздын пунктка, 15,4 пайызга чейин жогорулашына алып келген. Берилген керектөө кредиттеринин көлөмү өскөн (+27,5 пайыз), бирок алардын үлүшү 10,9 пайыздан 8,9 пайызга чейин азайган. Ипотекага, транспортко, байланышка, даярдоо жана кайра иштетүүгө, курулушка жана социалдык кызматтарга берилген кредиттердин салыштырма салмагы суммасында 12,6 пайызды түзгөн. "Жана башка" кредиттердин үлүшү 2,1 пайыздык пунктка азайып, 8,2 пайызды түзгөн.

Тармактар боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсү ар башка багытта болгон, ал эми чет өлкө валютасында чендер төмөндөөнү көрсөткөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин төмөндөөсү өнөр жай, айыл чарба, транспорт, соода, керектөө кредиттөө, ипотека, курулуш жана башка кредиттер сыяктуу тармактар боюнча белгиленген. Мында, эң эле төмөн чендер боюнча улуттук валютадагы кредиттер өнөр жайга (мезгил ичинде орточо 16,9 пайызда), эң эле жогорку чен боюнча – байланышка (27,3 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасындагы чендер бардык тармактарда төмөндөгөн. Эң эле жогорку чендер боюнча чет өлкө валютасында кредиттер даярдоо жана кайра иштетүүгө (мезгил ичинде орточо 20,2 пайызда), эң эле төмөн чендер боюнча – курулушка (мезгил ичинде орточо 13,2 пайызда) берилген.